**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Жаран Тилек Турусбекович Алымбековдун кайрылуусун

өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2013-жылдын 28-августу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы курамында, А.О.Нарынбекова, М.Ш.Касымалиев, Э.Ж.Өскөнбаев, катчы М.Ж.Азарованын катышуусунда, жаран Т.Т.Алымбековдун кайрылуусун карап, төмөндөгүлөрдү

**т а п т ы :**

Жаран Т.Т.Алымбеков 2013-жылдын 1-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары - Конституциялык палата) кайрылып анда, Ысык-Көл областынын Тоң райондук сотунун 2011-жылдын 8-апрелиндеги, Ысык-Көл областык сотунун жарандык иштер боюнча коллегиясынын 2012-жылдын 3-июнундагы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2013-жылдын 18-февралындагы чечимдерин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына карама каршы келет деп таап берүүнү суранган. Арызында жогоруда көрсөтүлгөн чечимдердин мыйзамдуулугу боюнча жүйөөлөрдү келтирген.

Судьялар коллегиясы өтүнүчтү жана ага тиркелген материалдарды изилдеп, өтүнүч боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья А.О.Нарынбекованын маалыматын угуп төмөнкүдөй жыйынтыкка келет.

Конституциялык палата конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында Конституциянын 97- беренесинин 6-бөлүгүндө жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 18-берененсинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн иштерди, анын ичинде мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама каршы келген учурда, аларды Конституцияга ылайык эмес деп табуу жөнүндө иштерди карайт.

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун жана Жогорку сотунун чечимдери өзүнүн таризи жана мазмуну боюнча ченемдик укуктук актыларга кирбейт,ошондуктан алардын мыйзамдуулугу жөнүндө маселе Конституциялык палатанын ыйгарым укуктарына кирбейт.

Андан тышкары, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 25-26-беренелеринде конституциялык палатага кайрылууга коюлган жалпы талаптар көрсөтүлгөн, жаран Т.Т.Алымбековдун кайрылуусу бул талаптарга жооп бербейт.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикаснынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1,3,4-пункттарын жана 5- бөлүгүн жетекчиликке алып судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы :**

1.Жаран Т.Т.Алымбековдун арызы өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2.Арыз жана ага тиркелген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3.Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мумкун.

Судьялар коллегиясы : О.Нарынбекова

М.Ш.Касымалиев

Э.Ж.Оскөнбаев